Диссертация Ош мамлекеттик университетинин кыргыз жана чет элдер философиясынын тарыхы кафедрасында аткарылды.

*Илимий жетекчиси:* философия илимдеринин доктору **ЭДИЛОВА М.М.**

*Расмий оппоненттери:* философия илимдеринин доктору, профессор **СЫДЫКОВ Б.С.**
философия илимдеринин кандидаты **КУЛМАТОВ Н.К.**

*Жетектөөчү мекеме:* Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин философия жана социалдык-гуманитардык илимдер кафедрасы

Диссертациялык иш 2008-жылдын 30-апрелинде саат 12.00дө Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана укук институтунун алдындагы (тең уюштуруучу-Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети) философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) диссертацияларды коргоочу Д.09.06.321 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

Дареги: 720071 Бишкек шаары, Чүй проспектиси 265-а.

Диссертация менен КР УИА Борбордук илимий китепканасында таанышууга болот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.

Автореферат 2008-жылдын "_____"____________ таркатылды.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, философия илимдеринин кандидаты **АКМАТОВА Н.С.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

***Изилдөөнүн актуалдуулугу.*** Цивилизациялык процессте коомчулук инсандын өнүгүшүндө, калыптанышында жана функцияланышында адептүүлүктүн ролу зор экенин тастыктап келүүдө. Инсандын адептүүлүгүнүн өсүүсүндө, ички руханий дөөлөткө айлануусуна түрдүү биологиялык факторлордун жана көптөгөн социалдык-маданий шарттардын мааниси чоң. Адептүүлүк өзүнүн табияты боюнча этика илиминин (гр.ethika-адеп, адат, үрп-адат, мүнөз) негизги категорияларынын бири, нравалык аң-сезимдин көрүнүшү болуп саналат.

Социалдык системанын мүчөлөрү болуп эсептелген адамдар бири-бири менен коомдук жана жеке байланышта болушат, алар белгилүү бир деңгээлде уюмдалышы жана ар бири өз ишмердигин ошол жамааттын башка мүчөлөрү менен макулдашып жүзөгө ашыруусу, белгилүү бир нормаларга, эрежелерге жана талаптарга баш ийүүлөрү керек. Мына ушундан улам ар бир коомдо адамдын жүрүм-турумун анын болмушунун жана ишмердигинин бардык чөйрөсүндө жөнгө салып туруучу көптөгөн ар кыл каражаттар, эрежелер иштелип келүүдө.

Социомаданий мейкиндикте калыптанган моралдык эрежелердин катарына адептүүлүк кирет жана аны тутуу инсандын өзүнүн табиятына байланыштуу. Адамдын адептүүлүгү коомдогу норма, талаптарды сактоо менен шартталган аң-сезиминин турмуштук салттуу машыгууларынын, адаттарынын жыйындысы. Адептүүлүктүн калыптанышы дегенде моралдык норма, эреже жана талаптардын инсандын жүрүм-турумундагы билимге, руханий жөнгө салууларга, ориентацияларга айланышын жана алардын сөзсүз сакталышын түшүнөбүз. Мындай процесс инсандын турмушунун бардык чөйрөсүндө, жеке жашоосунда, ишмердигинде, ошондой эле башка субъекттер менен ымала-мамилелеринде байкалат.

Инсандын калыптанышынын диалектикасында адептүүлүк төмөндөгүдөй бир катар руханий-нравалык дөөлөттөрдү жаратышы зарыл: Ата-Мекенди сүйүү (мекенчилдик) ак эмгектенүү, адамдарга карата коллективдик мамиле, өз ара жардамдашуу, гумандуулук, үй-бүлө, балдары жөнүндө кам көрүү; коом алдында өзүнүн парзын, кадыр-баркын сезүү, принциптүүлүк, адамгерчилик, жоопкерчилик, абийирдүүлүк, намыскөйлүк ж.б.у.с. Мындай касиеттерди жүрүм-турумуна жана жашоосуна сиңире алган, ату-

улдук мүнөздөмөсүнө айландырган инсанды адептүү деп айтууга болот.

Жаңы геосаясый мейкиндикте Кыргызстанда социалдык-экономикалык, социалдык-маданий, руханий-нравалык, саясий-идеологиялык жагдайларда чечкиндүү өзгөрүүлөр болууда. Бул өңдүү трансформациялануу процесси коомдук жана жекс адамдык аң-сезимдеги жаңылануулар, этностук-улуттук кайра жаралуулар, салттуулукка айланган баалуулуктардан башка да новациялык мазмундагы кубулуштар менен коштолууда.

Ааламдашуунун жана гумандашуунун учурунда маданий-интеллектуалдык баалуулуктардын көрүнүшү болгон адептүүлүктүн критерийлеринин улам жаңы парадигмалары жаралууда. Ушул өңүттө адептүүлүктүн табиятын өздөштүрүү, аны адамдын ички ишенимине айландыруу, учур талабына шайкеш уруниттуктуу жактарын иликтөөгө көңүл буруу зарыл.

Демек инсандын болмушундагы, адептүүлүктүн ролун философиялык рефлексиянын деңгээлинде ачып берүү актуалдуу маселелерден болуп саналат.

***Маселенин изилденүү даражасы.*** Инсандын калыптанышынын айрым маселелери философтордун, социологдордун, психологдордун, педагогдордун изилдөөлөрүндө чагылдырылган[1]. Л.М. Архангельскийдин, О.Г. Дробницкийдин, Ю.В. Ивлевдин, А.А. Ручканын, Г.С. Рыжковдун ж.б. эмгектеринде инсандын нравалык сапаттарынын калыптануу өзгөчөлүктөрү изилденген. Бул маселени чечүүгө Б.А. Урванцев, М.И. Бобнева, С.А. Даштамиров, А.А. Ивин, Е.М. Пеньков, В.Д. Плахов, Р.Н. Пенто чоң салым кошкон.

А.Ф. Шишкин менен К.А. Шварцмандын, К.Г. Журавковдун, О.П. Целикованын, О.Н. Крутованын, Л.Н. Когандын, В.А. Панпуриндин, Ю.М. Смоленцевдин, Ф.Н. Щербактын, И.Р. Стремякованын ж.б. эмгектеринде инсандын нравалык өнүгүшү жөнүндөгү маселени изилдөөнүн методологиялык аспектилери көрсөтүлгөн.

Цивилизациялык өнүгүү контекстиндеги инсандын коомдук мамилелердин, маданияттын, предметтик ишмердиктин субъектиси жана обьектиси болуу өзгөчөлүктөрү философиялык-методологиялык илимий анализдөөнүн предмети болгондугу социалдык-эпистемологиялык изилдөөлөрдөн байкалат. П.И. Зинченко, А.П. Запорожец, А.А. Смирнов, В.Я. Ляудис, А.Г. Акмолов, О.А. Канонкин ж.б. илимпоздордун эмгектеринде инсандын калыптанышындагы табигый, социотабигый, социалдык-маданий чөйрөлөрдүн ролу; социалдык-психологиялык кырдаалдардын мааниси; адамдардын коомдук мамилелердеги көп кырдуу алака-катышы чагылдырылган.

[1] Аталган авторлордун чыгармалары диссертацияда колдонулган адабияттардын тизмесинде көрсөтүлгөн.



Адамдын болмушунун уюштурулушундагы, инсандын калыптануусундагы социомаданий факторлордун системасын, айрыкча адептүүлүктүн ролун концептуалдуу анализдөөдө Ш.Б. Акмолдоеванын, А.А. Алтымышбаевдин, Б.А. Аманалиевдин, Т.А. Аскаровдун, А.А. Бекбоевдин, Ж.Б. Бөкөшовдун, А.А. Брудныйдын, А.И. Исмаиловдун, А.Ч. Какеевдин, Ө.К. Козубаевдин, Н.К. Кулматовдун, А.И. Нарынбаевдин, А.А. Салиевдин, О.А. Тогусаковдун, Ж.К. Урмамбетованын, А.Б. Элебаеванын эмгектери методологиялык жактан чоң жардам берди. Мындай жагдай аталган окумуштуулардын эпистемологиялык изилдөөлөрүндөгү социалдык-руханий, этикалык багыттагы философиялык рефлекциялар инсан түшүнүгүн, анын калыптанышын иликтөөдө теориялык негиз болушу менен түшүндүрүлөт.

Жогоруда окумуштуулардын илимий эмгектеринде адамдын инсандын калыптанышынын түрдүү аспектилерине (ишмердик аң-сезимдин өнүгүшү, этикалык касиеттер ж.б.) көңүл бурулганы менен баалуулуктун контекстиндеги инсандын калыптанышындагы адептүүлүктүн мааниси системалуу изилденбеген. Ушунун негизинде инсандык сапаттардын имманенттик маңызын тереңдетип, байытуу процессинде адептүүлүк феноменин концептуалдуу изилдөө зарыл.

***Изилдөөнүн обьектиси жана предмети.*** Изилдөөнүн обьектиси болуп инсандын калыптануу процесси эсептелет. Изилдөөнүн предмети катары инсандын руханий-нравалык дүйнөсүнүн башкы багыты болгон адептүүлүктүн эволюциялык табияты каралат.

***Ишти изилдөөнүн максаты жана милдеттери.*** Диссертациянын максаты-инсандын калыптанышындагы адептүүлүктүн ролун системалык-концептуалдуу талдоо. Белгиленген максатка ылайык төмөнкүдөй милдеттер аныкталды:

- инсандын калыптанышын, анын социумдагы нормаларды өздөштүрүшүн жана алардын жеке моралдык сапаттарга айлануу процесстерин иликтөө;

2008-48

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

ФИЛОСОФИЯ ЖАНА УКУК ИНСТИТУТУ

Диссертациялык кеңеш Д.09.06.321

*Кол жазма укугунда*

УДК: 17.022.1:316.37 (0.43.3)

ЭРГЕШОВ АБДИСАТАР ЫСМАНАЛИЕВИЧ

# ИНСАНДЫН КАЛЫПТАНЫШЫНДАГЫ АДЕПТҮҮЛҮКТҮН РОЛУ

Адистиги: 09.00.11 – социалдык философия

Философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

АВТОРЕФЕРАТЫ

Бишкек – 2008

- моралдык атмосферанын алкагындагы эмоционалдык абалдын, коомдук пикирдин, реалдуу нравалык мамилелердин, ишмердүүлүктүн жана моралдык аң-сезимдин өнүгүү диалектикасын көрсөтүү;

-адамдын өнүгүшүнүн детерминанттарын аныктоо;

-моралдык нормалардын имманенттүү маңызын, мазмунун ачуу аркылуу алардын инсандын калыптанышындагы маанисин тактоо;

-адамдын инсандын өнүгүүсүндөгү, айрыкча жаш муундардын социалдашуусундагы, өздүк реализацияланууcундагы адептүүлүктүн ролун көрсөтүү.

***Диссертациянын методологиялык жана теориялык негиздери.*** Иште коюлган проблеманы чечүүдө изденүүчү жалпы байланыш, өнүгүү, карама-каршылык, себептүүлүк, тарыхыйлуулук, обьективдүүлүк сыяктуу диалектиканын негизги принциптерине таянды. Ошондой эле изилдөөнүн жүрүшүндө тарыхый-салыштырма, синергетикалык, этнопедагогикалык, социалдык-психологиялык ыкмалар: анализ, синтез, индукция, дедукция, аналогия жана башка жалпы логикалык методдор; цивилизациялык этностук-улуттук тарыхый социомаданий өнүгүүлөргө баалуулуктун контексттеринде конкреттүү мамиле жасоо, системалуулук жоболору колдонулду.

Изилдөөнүн базалык булактары болуп адам таанууга байланыштуу тарыхый-илимий жана конкреттүү илимий мүнөздөгү изилдөөлөр пайдаланылды. Зарылчылыкка жараша талапкер инсан проблемасы, адамдын инсандык калыптанышы боюнча ата мекендик жана чет элдик, айрыкча, шериктештиктеги өлкөлөрдүн адистеринин изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарына талапка ылайык кайрылды.

Ошондой эле диссертант «Инсан жана адептүүлүк» проблемасы боюнча жаштар арасында жүргүзгөн социологиялык изилдөөсүнүн жыйынтыктарын да пайдаланды. Изилдөөнүн респонденттери ОшМУ нун (690) жана Талас Техникалык институтунун (540) студенттери болду. ***Иштин илимий жаңылыгы.*** Изилдөөдө социалдык – философиялык, этикалык ой-жүгүртүүнүн өнүгүшүнүн контексттеринде инсандын калыптанышындагы адептүүлүктүн ролу системалуу-концептуалдуу анализге алынды. Иштин илимий-теориялык маанидеги жаңылыктары катары төмөнкү логикалык жалпылоолорду кароого болот:



-цивилизациялык мейкиндиктеги жана социалдык убакыттагы инсандын имманенттүү нравалык табияты, анын конкреттүү-тарыхый мүнөзү, баалуулук ориентациясы ачылып берилди;

-адамдын инсандык өнүгүүсүнүн детерминанттарынын системасы каралып, алардын өз байланыштары, өз ара аракеттенишүүлөрүнүн натыйжасында инсандын болмушунун уюштурулушу, өнүгүшү көрсөтүлдү;

-моралдык нормалардын адамдын социомаданий жактан өнүгүүсүндөгү, мүдөө-талантарын канааттандыруусундагы, өздүк реализациясындагы, этностук, улуттук салттуу жана новациялык дөөлөттөрдү өздөштүрүүсүндөгү аксиологиялык ченеми аныкталды;

-«моралдык сезим», «моралдык ишеним», «нравалык адат», «нравалык сапат», «аморализм» түшүнүктөрүн анализге алуу аркылуу адептүүлүк феноменинин имманенттүү маңызы, мазмуну, функциялануу сферасы иликтенди;

-жаңы геосаясий мейкиндикте, жарандык коомдун өнүгүү шартында жаш муундарды калыптандырууда адептүүлүктүн социомаданий, тарбиялык мааниси тастыкталды.

***Коргоого сунушталган негизги жоболор.*** Изилдөөнүн максатына ылайык төмөнкү жоболор коргоого сунуш кылынат:

-инсандын калыптанышы жөнүндөгү проблеманын методологиялык негизи катары субьекттин имманенттүү маңызы, анын эволюциялык өнүгүшүнүн тарыхый-конкреттүү мүнөзү, коомдук жана жеке керектөөлөрүнүн жана кызыкчылыктарынын өз ара байланышы жөнүндөгү илимий-теориялык жобо кызмат өтөйт.

- инсандын калыптанышы анын эркиндик чөйрөсүнүн андан ары кеңейиши, жүрүм-турумдун, социалдык ориентациянын тигил же бул багытын тандап алуу мүмкүнчүлүгү менен тыгыз байланышкан, мындай жагдай өз кезегинде адам болмушунун уюштурулушунда, өнүгүүсүндө социомаданий детерминанттардан же нормалардан, принциптерден, жүрүм-турум эрежелеринен көз каранды.

- субьектилердин инсандык диалектикасы дайыма социомаданий, айрыкча моралдык чөйрөнүн алкагында ишке ашырылат да өзүнө сандык жана сапаттык өзгөрүүлөрдү, карама-каршылыктарды, жаңылануулaрды камтып, моралдык атмосферанын өзүнө кайра таасирин тийгизет;

-адамдар инсандык калыптануусунда өздүк реализацияланышында татаал коомдук мамилелердин системасына аралашып кирип, өз адептүүлүгүнүн негизги сапаттарын калыптандырат;

- азыркы өткөөл мезгилде инсандын адептүүлүгүндө оң сапаттар менен катар терс касиеттер арбын кездешет жана алардын келип чыгышы обьективдүү жана субьективдүү факторлор менен түшүндүрүлөт;

-азыркы учурда жаштардын социалдашуусунда адептүүлүктүн калыптанышы, анын адамдын ички жан-дүйнөсүнүн элементине айланышы коомдун бардык чөйрөсүндөгү өзгөрүүлөргө түздөн-түз байланыштуу жана андагы терс көрүнүштөрдү жоюуда, оң жактарын өнүктүрүүдө үй-бүлө, мектеп, билим берүү системасы мамлекет, ошондой эле дин сыяктуу коомдук институттар манилүү ролду ойнойт.

***Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси.*** Диссертациялык иштеги концептуалдуу жоболор кыргыз элинин атуулдарынын инсандын өнүгүүсүн терең түшүнүүгө, өздөштүрүүгө Кыргызстандын социалдык-саясый турмушунун, азыркы кездеги мазмунун, багытын байытууга, улуттук кайра жаралуунун тенденцияларын аныктоого жигердүү салым кошмокчу. Ошону менен бирге эле диссертациянын теориялык методологиялык жыйынтыктарын, социалдык философия, философиянын тарыхы, маданият таануу, этика жана эстетика боюнча атайын курстарда, лекцияларда, семинардык сабактарда колдонууга болот. Бул илимий иш социомаданий мейкиндиктеги адамдардын инсандык калыптануу өзгөчөлүктөрүн кыргыз элинин этикалык көз караштарын окуп - үйрөнүү багытында да практикалык мааниге ээ.

***Изилдөөнүн апробацияланышы.*** Диссертациянын негизги идеялары менен жоболору автор тарабынан "Кыргыз философиясынын актуалдуу проблемалары" (Ош, 2001); "Образование и наука для устойчивого горного развития" деп аталган эл аралык илимий - практикалык конференциядагы (Ош, 2002); "Индия - Кыргызстан: Взаимодействие цивилизаций" деп аталган эл аралык илимий-практикалык конференциялардагы (2002, 2003, 2004); "Социалдык мобилизациялоо жана акыйкат башкаруу" жылына карата өткөрүлгөн илимий - практикалык конференциядагы (Ош, 2004); "Современность: философские и правовые проблемы" аттуу илимий - теориялык конференциядагы (Бишкек, 2007) докладдарда чагылдырылган.



Диссертация Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана укук институтунун социалдык философия, этика жана эстетика, философиянын теориясы жана тарыхы, гносеология жана социалдык экология бөлүмдөрүнүн кеңейтилген кеңешмесинде талкууланып, коргоого сунушталды.

***Диссертациянын структурасы:***
Иш киришүүдөн, эки баптан, төрт параграфтан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

## ДИССЕРТАЦИЯЛЫК ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугу көрсөтүлүп, анын изилденүү даражасы мүнөздөлдү, иштин максаты менен негизги милдеттери аныкталды, изилдөөнүн методологиялык жана теориялык негиздери, илимий жаңылыгы, коргоого сунушталган жоболор, изилдөө методдору, диссертациянын теориялык жана тажрыйбалык мааниси, апробациясы көрсөтүлдү.

**"Инсандын калыптанышын изилдөөнүн теориялык – методологиялык негиздери"** деп аталган биринчи бапта инсан феноменинин имманенттүү маңызы изилденип, анын калыптанышынын өбөлгөлөрү көрсөтүлдү.

**"Субьекттин калыптанышынын социомаданий детерминанттары"** деп деген биринчи параграфта "инсан" түшүнүгүнүн субьекттердин ишмердүүлүк жана өз ара баарлашуу процессинде калыптанышы, руханий сапаттарын жана касиеттерин кучагына алышы иликтенип, социалдык мейкиндиктеги керектөөлөр жана кызыкчылыктар инсандын калыптанышынын булагы катары талдоого алынды.

Адамзаттын цивилизациялык өнүгүүсүнүн контекстинде философиянын тарыхына кайрыла турган болсок, Эпикур адамдын өнүгүүсүнүн негизги принциби иретинде жыргалчылыкты, жашоодон канааттанууну эсептеп, бактылуу жашоонун максаты рухтун бейпилдигинде деп караган демек, анын этикалык идеялары натуралисттик мүнөзгө ээ. Т.Гоббстун этикалык пикиринде да натурализм байкалып, субьекттин жүрүм-турумунун нравалык мазмуну бул феномендин өзгөрүлгүс табияты менен түшүндүрүлгөн. Ойчулдун мындай концепциясынын баштапкы принциптери кийинки этаптарда пайда болгон "табигый укук" жана "табигый закон" теорияларынын негизи катары кызмат өтөгөн.

Инсандын өнүгүү проблемасы И.Канттын философиясында да өзгөчө орунда турат. Философ индивидди обьективдүү реалдуулукта учурай турган ар түрдүү жамандыктарды жеңүүгө жөндөмсүз субьект сыпатында элестетип, субьект турмуштук түрдүү негативдүү шарттардын, жагымсыз кырдаалдардын натыйжасында гана жамандыкка, туура эмес иштерге барышын иликтөөгө аракет жасаган[2]. Инсандын калыптанышы жөнүндөгү концепция В. Гегелдин философиясында да терең чагылдырылган. Анын пикири боюнча субьекттин максаты жакшы же жаман мүнөзгө ээ болушу мүмкүн; эгерде жеке инсандын максаты көпчүлүктүн эс-акылдуу эрки менен дал келсе, мындай максатты жакшылык деп атоого болот, тескерисинче, индивид массанын эркине баш ийбей, жеке кызыкчылыктарды көздөсө, анын натыйжасында жамандык пайда болушу мүмкүн.

Субьект өнүгүп туруучу феномен катары коомдун башка мүчөлөрү менен биргеликте жашоо үчүн керектүү каражаттарды өндүрөт жана социум аркылуу гана өзүнүн имманенттүү маңызын, ички ресурстарын, маданий-руханий потенциалын жана мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашыра алат. Белгилүү максатка багытталган ишмердүүлүктүн системасы социумдун субьекттеринин бири-бири менен болгон өз ара мамилесинин натыйжасында реализацияланат жана ал цивилизациялык өнүгүүнүн башатынан бери эле адамдардын кызыкчылыктары, мүдөө талаптары менен байланышкан.

Индивиддин социалдык тип катары бөлүнүп чыгышы, адамдар ортосунда белгилүү айырмачылыктардын пайда болушу социумдун калыптанышына өбөлгө түзүп, инсан менен коомдун ортосундагы өз ара мамилелердин өнүгүшүнө жол ачкан жана бул жагдай жаңы социалдык-маданий керектөөлөрдүн пайда болушуна алып келген. Бул зарыл талаптын маңызы индивиддин жүрүм-турумунун социалдык бүтүндүктүн кызыкчылыктарына туура келишинде инсан менен коомдун кызыкчылыктарынын ортосундагы карама-каршылыктарды жеңүүдө турган. Ушул социалдык керектөөгө жооп катары коомдук аң-сезимдин өзгөчө чөйрөсү, социумдун индивидге карата мүдөө талаптарынын суммасы, жүрүм-турумдун уюштурулуш механизмдеринин бири - мораль пайда

[2] *Караңыз:* Титаренко А.И. Критерий нравственного прогресса.- М.,1987.-65-бет.



болгон. Демек, коомдук мамилелердин диалектикасы обьективдүү түрдө зарылдыкка айланган нравалуулуктун келип чыгышын шарттаган.

Субьекттин өнүгүшүн эки аспектиден кароого болот: жалпы нравалык прогресс жана моралдык сапаттарды алып жүрүүчү катары бааланган инсандын болмушунун эволюциясы же адамдын моралдык аң-сезиминдеги өнүгүү. Бири-бири менен диалектикалык байланышкан процесстин бул эки жагы социалдык-маданий шарттар менен аныкталып, субьекттин жашоо ишмердүүлүгүнүн негизги формаларын камтыйт.

Тарыхый өнүгүүнүн ар бир баскычында коомдук прогресс үчүн болгон күрөш обьективдүү шарттар менен мүнөздөлөт. Бул жагдай моралдык субстанция катары кызмат өтөп, анын инсандын руханий дүйнөсүндө көрүнүү даражасы нравалык прогресс жөнүндө сөз кылууга мүмкүндүк берет. Мында нравалуулуктун обьективдүү негизи социумдун конкреттүү-тарыхый өнүгүшүнүн ар бир баскычында өз алдынча чагылдырылат.

Турмуштук ар түрдүү көрүнүштөрдү тандоо эркиндиги белгилүү иш-аракеттерде чагылдырылгандыгына байланыштуу инсандын нравалык прогрессинин критерийи катары субьекттин активдүүлүгүнүн каралышы максатка ылайыктуу. Жүрүм-турумдун тигил же бул багытын эркин тандап алуу индивиддин мүдөө-талаптары менен тыгыз байланышкан, бирок мындай жагдай индивидуалдык жана коомдук кызыкчылыктардын ортосунда антагонисттик карама-каршылыктар бар дегенди түшүндүрбөйт. Адам өз ишмердүүлүгүндө индивидуалдык кызыкчылыктарды социалдык кызыкчылыктарга баш ийдирет, демек, коомдук маданий-нравалык прогресске жол ачат. Эгерде социалдык кызыкчылыктарга кызмат кылуу инсандын ички ишенимине айланса, анда индивидуалдык жана коомдук кызыкчылыктардын бири-бирине дал келиши жөнүндө сөз кылууга болот. Демек, адамдардын инсандык калыптанышы алардын реалдуу жүрүм-турумунун контекстинде гана толук ачылат. Ушул өңүттө нравалуулуктун баалуу системасы индивидге жана социалдык топторго жүрүм-турумдун белгилүү багытын аң-сезимдүү жана ыктыярдуу түрдө тандап алышына өбөлгө түзөт. Жүрүм-турумда инсандын моралдык аң-сезиминин деңгээли ачык формада туюнтулушу да ошол жагдай менен түшүндүрүлөт.

Инсандын калыптанышын изилдөөнүн методологиялык негизи катары коомдук жана индивидуалдык керектөөлөрдүн, кызыкчылыктардын өз ара байланышы кызмат өтөйт. Адамдардын коомдук парызга, милдетке баш ийиши анын нравалык эркиндигинин өсүшү менен шартталат. Өз кезегинде мындай көз карандылык инсан менен социумдун ортосундагы биримдикти ишке ашыруучу бөлгө катары көрүнөт, анткени субьекттердин ортосундагы байланыш өзгөчө баалуулукка ээ.

Дегеле, субьектинин социалдык-маданий, руханий-нравалык керектөөлөрү аларды канааттандыруу үчүн активдүүлүгү, чыгармачылыгы обьективдүү зарылдык болуп эсептелет. Керектөөлөрдүн субьектиси болуп инсан, тигил же бул жалпылык (үй-бүлө, коллектив, топ, улут, этнос ж.б.), социум эсептелет. Буга байланыштуу индивидуалдык, группалык жана коомдук керектөөлөр жөнүндө сөз кылууга болот. Обьектке карата (мүдөө-талаптардын мүнөзүнө карата) керектөөлөр материалдык жана руханий (этикалык, эстетикалык жана таанып-билүүчүлүк) болуп бөлүнөт. Андан тышкары индивид социалдык-психикалык физиологиялык функцияларды аткарууга, баарлашууга муктаж.

Коомдун мүчөлөрүнө таандык болгон керектөөлөрдүн жыйындысын аныктаган чечүүчү фактор катары материалдык өндүрүш эсептелет. Адамдардын өндүрүштүк ишмердүүлүгүнүн натыйжасы сыпатында бааланган керектөөлөр социалдык жана руханий турмушту уюштуруунун стимулу болуп саналат. Материалдык керектөөлөр өндүрүш тарабынан түз, ал эми руханий керектөөлөр кыйыр түрдө аныкталат. Керектөөлөр өз кезегинде коомдук прогресске, субьекттин, өндүрүштүн өнүгүшүнө активдүү таасир тийгизет. Субьекттердин нравалык аң-сезиминин өнүгүшүнө өбөлгө түзгөн шарттарды жаратуу да чоң мааниге ээ. Ар бир инсан социумда өкүм сүргөн, функцияланган моралдык нормаларды колдоо менен бирге салттуу нравалык жагдайлардын таасирине да кабылышы мүмкүн. Бул кырдаалда адамдын калыптанышы стихиялуу түрдө жүрбөш керек, ал белгилүү максатка, социалдык – маданий ориентацияга багытталышы зарыл. Инсандын интеллектуалдык жөндөмү эмоция менен, ал эми сезимдери адамзаттык, этностук идеялар менен айкалышып, ички ишенимге айланганда гана анын моралдык аң-сезими чоң коомдук күч катары каралат.

Инсандын нравалык жактан калыптанышы өнүгүп келе жаткан жаңы коомдук мамилелердин, саясий, идеологиялык кубулуштардын таасири астында жүрөт. Ошол себептүү инсандын моралдык аң-сезимин калыптандыруучу фактор катары коомдук тарбия берүү системасына чоң көңүл бурулушу зарыл. Тарбия берүү системасы аркылуу адам белгилүү моралдык нормаларды, принциптерди, чектөөлөрдү, талаптарды, нравалык критерийлерди жана баалоону өздөштүрөт.

**“Инсандын калыптанышына моралдык чөйрөнүн тийизген таасири”** деп аталган экинчи параграфта “моралдык атмосфера” түшүнүгүнө философиялык анализ берилип, анын адамдардын социомаданий, руханий жактан өнүгүүсүндөгү ролу көрсөтүлдү. Кийинки мезгилдерде “моралдык чөйрө”,“моралдык атмосфера” түшүнүктөрү философтордун, психологдордун, этиктердин, социологдордун эмгектеринде кеңири колдонулууда. Этикалык окуулардын тарыхында аталган феномендер сөзмө-сөз так пайдаланылбаганы менен, ойчулдар түрдүү каражаттардын жардамы аркылуу өздөрү жашаган доордун адеп-ахлактык абалын даана сүрөттөшкөн. Мисалы, Аристотель “Никомахова этика”, “Эвдемова этика”, “Большая этика” аттуу эмгектеринде замандын нравалык абалын ачык көрсөтүү менен бирге моралдык принциптердин чыныгы энциклопедиясын түзгөн. Аристотелдин пикири боюнча адеп-ахлактык жакшылыктарга умтулуу инсандын жана социумдун нравалык маданиятынын деңгээлин мүнөздөйт; адеп-ахлактуу инсан кең пейил, мээримдүү, адилеттүү болуу менен бирге атуулдарга жакшылык жасап, өзүн алардан жогору койбойт жана башка адамдар менен чын дилден баарлашууга аракет жасайт[3]. Бул жагдайда И.Канттын этикасы идеалисттик мүнөзүнө карабастан көптөгөн рационалдык идеяларды камтыйт. Ал адам дүйнөсүнүн негизги ченеми катары адептүүлүктү жогору баалаган. “Критика практического разума”, “Основы метафизики нравов”, “Метафизика нравов” аттуу эмгектеринде бул ойчул өз мезгилинин нравалык атмосферасын аныктоого аракет жасап, моралдын автономдуулугун, динден көз карандысыздыгын баса көрсөткөн. Кант өзү жашаган доордун негизги белгиси катары анын аморалдуулугун эсептеп, адеп-ахлактуулуктун критерийи, эң жогорку моралдык закон катары категориялык императивди караган. Анын пикирине ылайык категориялык императив - субьекттин руханий дүйнөсүндө жайгашкан, андап - билинген парыз,

[3] Караңыз: Гусейнов А., Иррлитц Т. Краткая история этики.-М., 1987.-133-бет.

милдет закону. Канттын этикасы өзүнө жалпы адамзаттык нравалык баалуулуктарды камтышы менен бүгүнкү күнү да актуалдуулугун жогото элек. Дегеле, жогоруда аталган улуу ойчулдар "моралдык атмосфера" түшүнүгүн сөзмө-сөз колдонушпаганы менен, өздөрү жашаган замандагы адеп-ахлактык абалды чагылдырууга аракет жасашкан. Алардын бул багыттагы идеялары каралып жаткан проблеманы илимий-теориялык жактан иликтөөдө өзгөчө мааниге ээ.

Көпчүлүк изилдөөчүлөр "моралдык атмосфера" түшүнүгүн коомдук аң-сезимдин социалдык-психологиялык деңгээли иретинде карап, коомдук психологияны социумдун, социалдык топтордун аң-сезиминин абалы жана алардын курчап турган реалдуулукка карата мамилеси жөнүндөгү илим катары изилдешет. Аң-сезимдин абалына моралдык-психологиялык чөйрөнү, атуулдук сезимди, дүйнөгө болгон көз караштты, коомдук пикирди жана социумдун көңүл маанайын кошууга болот. Коомдук психология атуулдардын сезимдеринин жана эс-акылынын абалы болуп эсептелет. Ал эми социумдун нравалык же адеп-ахлактык абалын билбей туруп, коомду жана инсанды толук аңдап-таануу мүмкүн эмес.

Моралдык атмосфераны туюнткан"аң-сезимдин абалы" түшүнүгүн жалгыз эле ишмердүүлүк катары түшүнүүгө болбойт, ал иш-аракетти коштоп жүргөн психикалык фон катары обьективдүү реалдуулуктагы кубулуштарга, турмуштагы окуяларга жана фактыларга, индивиддин жүрүм-турумуна багытталган белгилүү мамилени чагылдырат.

Аң-сезимдин абалы төмөнкү мүнөздөмөлөргө ээ:

-аң-сезимдин абалы бир бүтүндөй түзүлүш катары эмоционалдуулуктун, рационалдуулуктун жана эрктин биримдигин чагылдырат. Анын элементтеринин өз ара катышынын натыйжасында пайда болгон бүтүндүктүн салыштырмалуу мүнөзүн да эске алуу максатка ылайыктуу, анткени анда белгилүү деңгээлде карама-каршылыктар да учурашы ыктымал;

- аталган кубулуш индивидуалдуулуктан жогору турат, б.а. массалык аң-сезимдин көрүнүшү болуп эсептелет жана курчап турган айлана-чөйрөгө карата эмоционалдык-эрктик мамиле катары белгиленген категория иретинде практикалык ишмердүүлүк, баарлашуу менен тыгыз байланышкан;



- аң-сезимдин абалы – адамдардын ишмердүүлүгүнө жана жүрүм-турумуна белгилүү таасир көрсөткөн салыштырмалуу өз алдынча руханий күч;

- аң-сезимдин абалын социалдык реалдуулуктун субьективдүү образы катары гана кароого болбойт, ал- социумдун өздүк өнүгүүсүнүн компоненти.

Этикалык адабияттарда белгиленгендей, моралдык атмосфера нравалык мамилелер аркылуу аныкталат.Мындай жагдай жалгыз эле моралдык атмосферанын мазмунун тактабастан, анын структурасын өздөштүрүүгө, таанып-билүүгө да жардам берет. Айрым изилдөөлөрдө моралдык чөйрөнү же моралдык атмосфераны "нравалык маданият" кубулушуна кошушат[4]. М.Е. Бабосов "нравалык-психологиялык климат" түшүнүгүнө аныктама берүүгө аракет жасап анын нравалык маданияттын иерархиясындагы ордун тактоого умтулат.

Моралдык атмосфераны иликтөөнүн логикалык-гносеологиялык аспектисинин эмгек коллективиндеги, үй-бүлөдөгү жана башка социалдык жалпылыктагы моралдык-психологиялык абалды, коомдук пикирди изилдөө аркылуу маалымат алууга мүмкүнчүлүгү кеңири. Ал эми социологиялык аспектте иликтөө моралдык атмосфераны белгилүү социалдык-экономикалык мамилелер менен шартталган моралдык система, нравалык аң-сезимдин жана мамилелердин белгилүү формасы катары кароо менен мүнөздөлөт. Социологиялык анализдин жүрүшүндө моралдык атмосферанын коомдук болмушка тийгизген таасири терең ачылат. Моралдык чөйрөнү же моралдык атмосфераны аксиологиялык аспекттен изилдөө адеп-ахлактык жөнгө салуу белгилүү нравалык баалуулуктарга, үлгүлөргө жана идеалга багытталгандыгын аныктоого мүмкүндүк түзөт.

Жогоруда каралган жагдайдан тышкары моралдык атмосфера эмпирикалык жана илимий-теориялык деңгээлде каралышы максатка ылайыктуу. Эмпирикалык деңгээлде иликтөө "моралдык атмосфера" түшүнүгүн туюндуруучу феномендердин демейки, күнүмдүк чөйрөдө колдонулушу менен байланышкан, башкача айтканда, бул категория ар бир субьект «дем алган нравалык аба» катары сүрөттөлөт. Демек, моралдык атмосфера социалдык-нравалык мамилелердин натыйжасында пайда болуп, күнүмдүк-

[4] Караңыз: Бабосов Е.М. Вопросы нравственной культуры.-Вильнюс. 1981.-107-108-беттер.

турмуштук табиятка ээ. Бирок бул феномендин маңызын түшүнүү, ага илимий аныктама берүү изилдөөнүн теориялык деңгээлинде гана ишке ашат.

Демек, өнүгүп туруучу социалдык кубулуш катары моралдык атмосфера экономикалык, социалдык-маданий, саясий, идеологиялык мамилелер менен шартталат. Ал социалдык жана нравалык баалуулуктарды, жашоо ишмердүүлүгүнүн принциптерин айрым адамдар тарабынан өздөштүрүүнүн натыйжасы катары түзүлөт. Бирок негизги детерминант иретинде коомдун социалдык - экономикалык түзүлүшү, өндүрүш өбөлгөсү эсептелинет. Социумдун моралдык чөйрөсү анын дээрлик бардык тармагына таасир эткен экономикалык кризистин натыйжаларын да чагылдырат. Демек, моралдык атмосфераны чыңдоо, жаңылоо үчүн экономиканы жана демократияны, өзүн-өзү башкарууну жолго салуу керек.

**"Инсан жана адептүүлүк"** деп аталган экинчи бапта нравалык прогресстин обьективдүү, ошондой эле субьективдүү жактары изилденип, коомдун адептүүлүгүн чагылдырган социологиялык изилдөөнүн жыйынтыктары талдоого алынды.

**"Инсандын адептүүлүк сапаттарынын калыптанышы"** деген биринчи параграфта инсандын нравалык аң-сезими социалдык чөйрөнүн таасири астында калыптанышы жана конкреттүү-тарыхый жагдайлардан, ошондой эле субьекттин коомдук мамилелердин системасындагы ордунан көз каранды экендиги изилденди.

Социологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыгы көрсөткөндөй, социумдун өнүгүшүнүн конкреттүү-тарыхый шарттарынын чегинде инсандын калыптанышына адептүүлүктүн тийгизген таасири өзгөчө. «Адептүүлүк дегенди кандай түшүнөсүз»? деген сурообузга респонденттердин төмөнкүдөй жоопторду (аныктамаларды) алдык: инсандын туура жолдо жүрүшү; анын ыймандуулугу; улууну урматтоо, кичүүнү сыйлоо; ички жан дүйнөсүнүн тазалыгы ж.б. Демек, респонденттердин пикири боюнча, адептүүлүк инсанды инсан кылып турган негизги сапат, аны коомчулуктан, айлана-чөйрөдөгүлөрдөн айырмалаган нерсе. Адептүүлүк адамдын сырткы көрүнүшүнөн, кийингенинен, жүрүм-турумунан, бирөө менен баарлашканынан, коомдо өзүн алып жүргөнүнөн байкалат.

Обьективдүү шарттар жана тарбия берүү системасы инсандын нравалык аң-сезимин адептүүлүгүн калыптандыруучу негизги



факторлор болгонуна карабастан, жалгыз эле алар менен чектелип калууга болбойт деп ойлойбуз. Жогоруда аталгандардан тышкары жеке активдүүлүк, чыгармачылык, кызыкчылыктар, жөндөмдөр социомаданий ориентациялар да инсанды нравалык тарбиялоодо чоң мааниге ээ.

Ушул өңүттөн алганда моралдык нормалар жана талаптар инсандын ички принциптерин жана ишенимге айланып, мүнөздүн туруктуу сапатын калыптандырат. Моралдык аң-сезимдин коомдук жана индивидуалдык формаларынын таасир тийгизүү механизми жана деңгээли да бирдей эмес. Адептүүлүккө калыптандыруучу функцияны үй-бүлө менен инсандар аралык топтук мамилелерден тартып, мамлекеттик институттарга чейинки социалдык чөйрөнүн бардык факторлору аткарат. Мында социалдык-экономикалык фактор конкреттүү коомдук түрдүү мамилелер, байланыштар аркылуу кыйыр түрүндө адамдын моралдык аң-сезимине жүрүм-турумуна, руханий дүйнөсүнө чоң таасир тийгизет.

Демек, адептүүлүк социалдык феномен катары аң-сезим чөйрөсүн эле эмес, адамдардын практикалык иш-аракеттерин, анын жашоо турмушунун ориентациясын да камтыйт. Натыйжада, көпчүлүк окумуштуулар, изилдөөлөр, дегеле турмуштук практикада тастыктагандай, инсандын калыптанышында адептүүлүк чоң роль ойнойт да, жыйынтыгында коомдук пикирде «адептүү адам», «адепсиз (бейадеп) адам» деген кең маанидеги (философиялык, педагогикалык ж.б.) түшүнүктөр пайда болот. Бул категориялардын аталыштары эле айгинелеп тургандай. «адептүү адамда» адептүүлүк оң сапаттары (касиеттери) «бейадеп же адепсиз адамда» анын терс касиеттери үстөмдүк кылат. Бирок, эске ала кетчү нерсе, идеалдуу адептүү инсан болушу турмушта сейрек кездешет.

Мына ушул өңүттөн алганда биздин респонденттердин пикири боюнча адамдардагы адептүүлүктүн оң (түз) сапаттары болуп төмөнкүлөр эсептелет: адамгерчиликтик; бирөөгө, колдон келсе, жакшылык кылуу; кеңпейилдүүлүк; сылыктык; чынчылдык; сабырдуулук; уяттуулук; ак ниеттүүлүк; граждандуулук; патриоттуулук; (мекенчилдик) интернационалдык ж.б. Мына ушул саналган сапаттарга карата терс көрүнүштөрдү, респонденттер, адептүүлүктөгү негативдүү сапаттар катары эсептешет. Ошону менен бирге эле алар бейадеп көрүнүш катары төмөнкүлөрдү да

санап көрсөтүшөт: Батыш маданиятынын терс көрүнүштөрүн алуу; уурулук; кайдыгерлик; өз динин башка дин менен алмаштыруу (башка динди кабыл алуу); аракечтик; баңгилик; сойкулук ж.б. Албетте, социологиялык изилдөөбүзгө катышкан респонденттерибиз диалектиканын детерминизм ж.б. принциптерин, категорияларын (себеп жана натыйжа, кубулуш жана маңыз ж.б.) рационалдык деңгээлде, бардык эле учурда, андап түшүнбөсө да, негизинен чындыкты, реалдуулукту чагылдырышкан.

Теориялык изилдөөлөр жана турмуштук практика көрсөткөндөй, инсанда адептүүлүктүн тигил же бул сапаттарынын калыптанышына обьективдүү (инсандын каалоо-мүдөөлөрүнө, көз каранды эмес) жана субьективдүү (инсандын өнүгүү деңгээлине, аң-сезимине көз каранды) факторлор таасир этет. Биздин социологиялык сурамжылоонун эмпирикалык материалдары көрсөткөндөй, инсандагы терс адептүүлүк сапаттардын калыптанышына коомдук бир системадан экинчи системага өтүү, жумушсуздук, жакырчылык, мамлекеттик идеологиянын аныкталбагандыгы, адептүүлүк боюнча системалык тарбиянын жоктугу ж.б.у.с. факторлор таасир этүүдө.

Ал эми субьективдүү факторлорго, респонденттер демократияны туура эмес түшүнүү, жашы боюнча улуу адамдардын, таасир берүүчү инсандардын (кызматчылардын, депутаттардын, ата-энелердин, мугалимдердин ж.б) өрнөк болбой жатканы, диний тарбиянын жетишсиздиги сыяктуу себептерди киргизишкен.

Демек, өнүгүп туруучу кубулуш катары адептүүлүк экономикалык, саясий, социалдык–маданий идеологиялык, мамилелер менен шартталат. Ал социалдык жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды, жашоо ишмердүүлүгүнүн принциптерин өздөштүрүүнүн натыйжасы катары калыптанат. Бирок негизги детерминант иретинде коомдун социалдык-экономикалык түзүлүшү, өндүрүш өбөлгөсү эсептелет.

**“Жаштардын социалдашуусундагы адептүүлүктүн орду”** деген экинчи параграфта инсандын калыптанышындагы адептүүлүктүн мааниси анализге алынат.

Бүгүнкү социомаданий кырдаалдагы жаштардын социалдашуу маселесин чечүү үчүн бул куракка таандык индивидуалдык – инсандык өзгөчөлүктөргө философиялык жана социологиялык анализ жүргүзүү, коомго, ошондой эле белгилүү топторго мүнөздүү болгон баалуулуктарды, социалдык нормаларды, жаштардын жашоо ориентацияларын окуп үйрөнүү максатка ылайыктуу. Айтылган ойду ОшМУ нун 2,3,4,5-курстарынын, ошондой эле Талас техникалык институнун 4,5-курстарынын студенттеринин арасында жүргүзүлгөн социологиялык анализ далилдейт.



Жаштардын өзүнүн адептүүлүгү же адепсиздиги жөнүндө сөз болоордон мурда, социологияда кабыл алынып келе жаткандай, респонденттерге «Адептүүлүк дегенди кандай түшүнөсүз» деген суроо берилди. Изилдөөнүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, жаштар негизинен адептүүлүккө бирдей, идентивдүү аныктама беришкен. Атап айтканда, адептүүлүк адамдын негизги сапаттардын бири жана ал субьекттин сырткы көрүнүшүнөн, өзүн алып жүрүшүнөн, жүрүм турумунан гана эмес, ички дүйнөсүнөн да билинет деп эсептешет. Адептүүлүктүн негизги критерийлери катары (жооптордун эң көбүнөн баштап азыраагына карай берилди) төмөнкүнү эсептешет: ыймандуулук, адеп-ахлакты билүү; акылэстүүлүк, руханий дүйнөнүн тазалыгы; улууну урматтоо, кичүүнү сыйлоо; тегерегиндегилерге өрнөк болуу; туура жолдо жүрүү ж.б. Ошондой эле «адептүүлүк бир гана ыймандан болот. Ыйман-бул Кудайга ишенүү деген жооптор да бар. Бул жаштардын диний көз карашын айгинелейт. Ошондой эле, белгилей кетчү нерсе, сурамжыланган жаштардын арасында адептүүлүккө аныктама бере албагандары да бар. Бирок алардын баарын адептүүлүктү түшүнбөйт деп кесе жыйынтык чыгарууга болбойт. Анткени жаштардын арасында өз оюн жакшы түшүндүрүп бере албагандары, андан дагы жакшы жазып бере албагандары да арбын.

Адатта жаштардын адептүүлүгү жөнүндө алардан улуу адамдар (орто жана улгайган адамдар) көп сөз кылышат. Себеби алар жаштарды тарбиялоонун, социалдаштыруунун субьектиси болуп эсептелет. Ушуга байланыштуу улуу муун өкүлдөрүнүн арасында: «Азыркы жаштар совет мезгилиндеги жаштарга караганда анчейин адептүү эмес» деген пикир бар экени баарыбызга маалым. Ошондуктан студент-респонденттерге ушул тезиске болгон пикирин сурамжылап, төмөнкү таблицада берилген жоопторду алдык:

| | ОшМУнун студенттери | Талас техникалык институнун студенттери |
|---|---|---|
| ооба макулмун | 36% | 32,5% |
| жок, макул эмесмин | 52,5% | 56% |
| жооп берүү кыйын | 7,5% | 8,5% |

Таблицада көрсөтүлгөндөй, жаштардын болжол менен үчтөн бир бөлүгү «макулмун» деп жооп беришкен. Андан кийинки «Эгерде макул болсоңуз эмне үчүн?» деген суроobузга жаштар арасында адепсиздиктин бар экенинин себептерин (алардын көз карашы боюнча) көрсөтүүгө аракеттенишкен:

• Себеби заман өзгөрдү. (Муну биз бир социалдык системанын экинчиси менен алмашышы катары түшүнсөк болот).

• Совет мезгилинде идеология күчтүү болгон, айрымдары компартиянын идеологиясы деп белгилешкен; улуулар жаштарга үлгү болуп жакшы тарбия беришкен;

• Азыркы демократияга өтүп жатканыбызды ким каалагандай жашоо катары түшүнүп жатабыз. Себеби совет мезгилинде мыйзам күчтүү болгон, аны бузгандар, аткарбагандар, кылмыш кылгандар сөзсүз жаза аларын билишкен жана чочулашкан ;

• Демократия, эркиндик шарданы менен Европа маданиятынын терс жактарын алып жатабыз;

• Жаштарга дин олуттуу таасир эте албай жатат ж.б.у.с.

Жаңы геосаясий кырдаалда, демократияны калыптандыруу шарттарындагы, коомдун социалдык-экономикалык, социалдык-маданий, руханий-нравалык, саясий, чөйрөлөрүндөгү айрым өзгөрүүлөрдүн жаштардын адептүүлүгүнө чоң таасир тийгизүүдө. Мындан сырткары, акыркы жылдарда жүрүп жаткан ааламдашуу процессинин да өзгөчө жаштардын адеп-ахлагына терс таасирин тийгизип жаткандыгы ачык айкын. Албетте мындай маселелер мамлекеттик деңгээлде иликтелип, ошого карата иш-чаралардын уюштурулушу, билим берүү тармагында да реформалардын жүргүзүлүшү зарыл.

Жаштарда басымдуулук кылган терс сапаттардын ичинен биринчи орунга жаштардын уятсыздыгын, сабырсыздыгын, батыш маданиятынын терс жактарын алуусунун коюулушу бекеринен эмес. Мына ушул терс сапаттардын жаштар арасында жайылышына мамлекеттик идеологиянын таасиринин начар болуусу өбөлгө болууда. Улууларды урматтоо, башка инсандарды сыйлоо жана ошондой эле сабырдуулуктун азайышын жогорудагы социологиялык изилдөөнүн жыйынтыгы айгинелеп турат. Коомчулугубуздагы учурдагы негизги негативдүү жагдайлардын бири, жогоруда белгиленгендей, жаштардын батыш маданиятындагы терс жактарды көбүрөөк кабыл алгандыгы болуп саналат.



Ислам дининин элибиздин маданиятынын калыптанышында, менталитетинин түптөлүшүндө, инсандын руханий-нравалык дүйнөсүнүн байып тереңдешинде жана каада-салт, үрп-адаттарыбыздын өнүгүшүндө салымы жигердүү. Көптөгөн каада-салт, үрп-адаттарыбыздын ислам дининин жол-жоболору менен жуурулушуп баратканы реалдуу көрүнүш. Азыркы күндө дин, анын ичинде ислам дини, коомчулугубуздун руханий дүйнөсүнүн бир катмарын түзөрүн белгилей кетүү керек. Ошондуктан жаштар арасында адептүүлүктү өнүктүрүүдө ***ислам дининин*** нравалык баалуулуктарынын таасири чоң. Ошону менен бирге эле инсандын калыптанышында ***үй-бүлөнүн*** да ролу олуттуу. Анткени, ар бир инсан өз үй-бүлөсүндөгү улуу адамдардан, биринчи кезекте ата-энесинен үлгү алары анык. Экинчи үй болуп эсептелген ***мектептин*** да үй-бүлө менен катар эле жаштардын адептүүлүгүнүн калыптанышында белгилүү ролду ойнойт.

Адептин бузулушу коомдогу жалпы адамзаттык баалуулуктардын жоголушуна, руханий-нравалык кризиске, ар тараптуу баш аламандыктын да пайда болуусуна өбөлгө болот. Демек, коомдун социалдык-экономикалык, социалдык-маданий жактан өнүгүүсүндө адептик нормалардын ролу зор экендиги талашсыз. Ошондуктан коомчулугубуздун ар тараптан алдыга карай өнүгүүсү эң башкысы инсандын адептик баалуулуктарына байланыштуу.

Изилдөөнүн маалыматтары тастыктагандай, бүгүнкү күндөгү жаштарга адептүү тарбия берүүдө эң негизги роль ойногон структураларга: үй–бүлө, чөйрө, достор, ислам дини кирет. Жаштардын кулк-мүнөзүнүн калыптанышында тегерегиндеги чөйрө, жакын достору чоң роль ойнойт. Анткени, достордун бири-бирине болгон жылуу мамилеси психологиялык жактан жаштардын адебинин калыптануусуна олуттуу таасирин тийгизет.

Социологиялык иликтөө жаштардын арасындагы терс адептик көрүнүштөрдү жоюунун жолдору катары төмөнкүлөрдү аныктады:

- коомдук системаны туура багытка өзгөртүү;
- мамлекет тарабынан жаштарды көзөмөлгө алуу, зарыл программаларды иштеп чыгуу;
- коомдун мүчөлөрүнүн дүйнөгө болгон көз карашын өнүктүрүү;
- адептүүлүк боюнча тарбия берүүнү совет мезгилиндегидей

күчөтүү;

- улуулардын үлгү болушу;
- жаштардын арасында патриоттук сезимди ойготуу жана калыптандыруу;
- мектепте адеп сабагын окутуу;
- диний таалим-тарбия берүү;
- кыргыздардын нукура каада-салт, үрп-адатын жана этностук маданияты менен тарбиясын жайылтуу ж.б.

Жыйынтыктап айтканда, Кыргызстандын жаштары арасында жүргүзүлгөн социологиялык изилдөөлөр жаштардын адептүүлүгүнүн азыркы күндөгү оң жана терс жактарын эркин көз караште реалдуу чагылдырып бере алышкан. Ошону менен бирге эле мындай иликтөө азыркы учурдагы жаштардын социалдашуусунда адептин ролу чоң экенин көрсөтүү менен бирдикте *адептүүлүктү* инсанда калыптандыруунун негизги багыттарын аныктоого мүмкүндүк берет.

**«КОРУТУНДУДА»** иштин негизги натыйжалары жана жалпы жыйынтыктары көрсөтүлдү:

1. Адамзат цивилизациясынын диалектикасынын ажырагыс бөлүгү катары нравалык өнүгүү адамдардын ортосундагы мамилелерди жакшыртууга, гармониялаштырууга жана гуманизмди орнотууга өбөлгө түзөт. Ар кандай моралдык баалуулуктардын негизин инсандын социумга, субъектилерге карата мамилеси түзөт. Демек, жеке жана коомдук кызыкчылыктар, мүдөө-талаптар жөнүндөгү проблемаларды чечүү нравалык өнүгүүнү түшүндүрөт. Инсандын калыптанышы жеке жана коомдук кызыкчылыктардын биримдигинин эсебинен жүрөт.

2. Инсандын болмушунун негизин индивид менен социумдун гумандуу мамилеси түзөт. Демек, инсандын калыптанышынын критерийи катары моралдын тарыхый өнүгүү даражасын кароого болот. Ошону менен бирге социалдык-маданий, социалдык-саясий маселелерди чечүүдөгү нравалуулуктун ролу маанилүү болгон учурларда да инсандын калыптанышы жөнүндө сөз кылууга болот.

3. Инсандын калыптанышы – коомдогу социалдык, маданий, саясий мамилелердин жаңы деңгээлинин калыптанышы менен байланышкан өзгөрүү. Ар бир субъект цивилизациялык мейкиндикте жана социалдык убакытта аракеттенип, өзүнүн моралдык өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо менен бирге адамзаттын нравалык өнүгүшүнүн өзгөчө көрүнүшүн чагылдырат.



Бул өңүттөн алганда инсандын адептүүлүгүнүн калыптанышы коомдун бардык чөйрөлөрүнөн, өзгөчө социалдык-экономикалык абалдан жана конкреттүү-тарыхый шарттардан, ошондой эле субъекттин коомдук мамилелердин системасындагы алган ордунан көз каранды.

4. Инсандын калыптанышы сандык жана сапаттык өзгөрүүлөр, карама-каршылыктар, жаңылануулар аркылуу, өнүгүп келе жаткан коомдук мамилелердин, саясый-идеологиялык жагдайлардын таасири астында жүрөт. Ошол себептүү инсандын моралдык аң-сезимин калыптандыруучу фактор катары билим, тарбия берүү системасына чоң көңүл бурулушу зарыл.

5. Жогорку нравалык-руханий дүйнөсү бар инсанды калыптандыруу үчүн бала бакчада, жалпы билим берүүчү окуу жайларда методикалык негизделген этикалык агартууну жайылтуу – мезгил талабы. Бүгүнкү татаал социалдык-саясий кырдаалда билим берүү жана тарбиялоо структурасына кардиналдуу өзгөртүүлөрдү киргизип, руханий-тарбиялык иштерди жандандыруу, адептүүлүктү калыптандыруу маселеси эң алдыңкы орунга чыгууга тийиш.

Ааламдашуу шартындагы билим берүүнүн мазмунун жана структурасын дагы бир ирет карап чыгып, маданияттуу, тартиптүү, тарбиялуу жана физикалык, руханий-нравалык жактан жетилген адептүү инсанды калыптандыруу коомчулуктун негизги милдети экендигин тактап алуу абзел. Окуучуларга жалпы билим берүү менен бирге этика, эстетиканын, антропологиянын, маданият таануунун, коом, саясат таануунун негиздерин терең окутуу сыяктуу маселелер да күн тартибине коюлушу керек.

6. Коомдук турмуштун түрдүү чөйрөсүндө байкалган нравалык тарбиянын жетишсиздиги, күнүмдүк тиричиликте, жумушта, түрдүү шарттарда кеңири учураган кош көңүлдүк, тарбиясыздык, маданиятсыздык, адамгерчиликсиздик адамдардын ортосундагы гармониялуу мамилени, баарлашууну бузуп, көптөгөн негативдүү жагдайлардын келип чыгышына түрткү болот. Ошол себептүү азыркы байкалган руханий-нравалык татаал шартта гумандаштырылган системалуу билим берүүнү толугу менен киргизүү, анын сапатын көтөрүү, инсандын калыптануусундагы адептүүлүктүн мааниси жөнүндөгү маселеге терең көңүл буруу талап кылынат.

**Диссертациянын негизги жоболору төмөнкү илимий эмгектерде жарык көрдү:**

1. Кыргыз элинин каада-салты коомдук көрүнүш катары. – Ош, 2005. – с. 50.

2. Мораль жана каада-салт социалдык нормалардын системасында. – Ош, 2006. – С. 177.

3. Нравственная философия кыргызов // Аспирант и соискатель. – № 1. – М., 2005. – С. 55-60.

4. Легендарлуу ойчулдардын дүйнө таанымы // Вестник ОшГУ, Мат. межд. науч.–практ. конф. Индия и Кыргызстан: взаимодействие цивилизаций. – №2. – Ош, 2001. – С. 65-70.

5. Эстетические нормы в кыргызском искусстве // Аспирант и соискатель. – №1. – М., 2005. – С. 367-372.

6. Кыргыздардын укуктук аң-сезиминин калыптанышындагы мусулмандык укуктун орду // Вестник Ошского государственного университета. Специальный выпуск: Международная научная конференция «Ислам в Центральной Азии» 20-21 мая. – №2. – Ош, 2004. – С. 297-301.

7. Кыргыз философиясынын актуалдуу проблемалары // Вестник ОшГУ, Илимий практ.конф. материалдары. – №1. – Ош, 2001. – С. 47-51.

8. Образование и наука для устойчивого горного развития // Вестник ОшГУ, Эл аралык илимий практ.конф. материалдары. – №2. – Ош, 2002. – С. 52-56.

9. Индия-Кыргызстан: Взаимодействие цивилизаций // Вестник ОшГУ, Эл аралык илимий практ.конф.материалдары. – № 1. – Ош, 2003. – С. 61-65.

10. «Социалдык мобилизациялоо жана акыйкат башкаруу» // Вестник ОшГУ, жылына карата өткөрүлгөн илимий практ.конф. материалдары. – №1. – Ош, 2004. – С. 36-38.

11. Инсандын өнүгүшүнө моралдык чөйрөнүн тийгизген таасири// Современность: философские и правовые проблемы. ИФиП НАН КР. – № 12. – Бишкек, 2007. – С.78-82.

12. Инсандык нравалык сапаттары жана негативдүү моралдык көрүнүштөр// Современность: философские и правовые проблемы. ИФиП НАН КР. – № 12. – Бишкек, 2007. – С. 82-87.

13. Жогорку окуу жайларында жаңы технологияларды пайдалануу мезгил талабы // Вестник ОшГУ, – №2. – Ош, 2003. – С. 42-47.

14. Традиции кыргызов как социальная норма / Вопросы гуманитарных наук. – № 1. – М., 2005. – С. 167-170.



15. Природа социальных норм / Вопросы гуманитарных наук. – № 2. – М., 2006. – С. 61-63.

16. Аморализм как философская проблема / Поиск: Научный журнал Министерства образования и науки Казахстана. – № 3. – Алматы, 2006. – С. 70-74 (в соавторстве с Э. Шариповой, М. Моношевым).

17. Нравственные ценности кыргызского искусства / Поиск: Научный журнал Министерства образования и науки Казахстана. – № 3. – Алматы, 2006. – С. 77-81 (в соавторстве с Э. Шариповой, К. Курбанбаевым).

Эргешов Абдисатар Ысманалиевичтин “Инсандын калыптанышындагы адептүүлүктүн ролу ” аттуу 09.00.11- социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын

**РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр:** инсан, прогресс, калыптануу, өнүгүү, баалуулук, керектөө, кызыкчылык, жүрүм-турум, нравалык чөйрө, моралдык сапаттар.

Диссертация инсандын калыптанышындагы адептүүлүктүн ролун ачууга арналган.

**Биринчи бапта** изилдөөнүн теориялык - методологиялык негиздери берилип, инсан феноменинин имманенттүү маңызы чагылдырылып, инсандын калыптанышынын социомаданий детерминанттары иликтенди. “Инсан” түшүнүгү субьекттердин ишмердүүлүк жана өз ара баарлашуу процессинде калыптанган өзгөчө нравалык сапаттарын жана касиеттерин кучагына алышы талдоого алынды.

**Экинчи бапта** мораль коомдук прогресстин обьективдүү, ошондой эле субьективдүү жактарын да кучагына алышы изилденип, моралдык сапаттар, ишенимдер, сезимдер талдоого алынды. Инсандын нравалык аң-сезими эң биринчи кезекте коомдук чөйрөнүн таасири астында калыптанышы жана конкреттүү-тарыхый шарттардан, ошондой эле субьекттин коомдук мамилелердин системасындагы ордунан көз каранды экендиги изилденди.

**Корутундуда** жүргүзүлгөн изилдөөнүн тыянактары чыгарылып, мындан ары боло турган иликтөөлөрдүн келечеги аныкталды.



# РЕЗЮМЕ

**диссертации Эргешова Абдисатара Ысманалиевича на тему: “Роль нравственности в формировании личности”, представленной на соискание ученой степени кандидата философских наук по специальности 09.00.11 – социальная философия.**

**Ключевые слова:** личность, прогресс, формирование, развитие, ценности, потребность, интересы, поведение, нравственная атмосфера, моральные качества.

Диссертация посвящена философскому анализу роли нравственности в формировании личности.

**В первой главе** даются теоретико-методологические основания исследования, раскрыты сущность личности и социокультурные детерминанты нравственного формирования личности. Анализируется особое нравственное свойство понятия «личность», которое формируется в процессе взаимодействия и взаимообщения субъектов.

**Во второй главе** акцентировано внимание на то, что мораль охватывает обьективные и субьективные стороны общественного прогресса и анализированы моральные качества, убеждения и нравственные чувства личности. Исследуется, что нравственное сознание личности формируется под воздействием общества и показана его зазисимость от конкретно-исторических условий, от места субьекта в системе общественных отношений.

**В заключении** подведены итоги проведенного исследования и определена его дальнейшая перспектива.

RESUME

To dissertation by Ergeshov A.I. on the theme «The role of morality in personality forming» on appropriation of the degree of candidate of philosophy science on speciality 09.00.11 - Social philosophy.

Key words: personality, progress, formation, development, values, demands, behavior, moral atmosphere, moral qualities, moral consiosness.

The dissertation is dedicated to the analysis of socio-philosophical essence of phenomenon of morality in personality forming.

The first chapter is focused on the theoretico-methodological basis of the research, the essence of eudomonism and socio-cultural determinants of personality development are revealed. Eudomonism is considered as one of the oldest ethical systems of moral knowledge, achieved by the results of individual experience and based on perceptive experiment of individual.

The second chapter is accented on that the morals cover objective and subjective categories of social progress and there analysed moral qualities, confirmations and moral sense of personality. It is investigated that moral conciosness of personality is formed upon influence of the society and shown its dependency from particular historical conditions, from place of a subject in the system of social relations.

**In conclusion,** summed up the total of conducted research and determined its future perspectives.